**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Тестирлөө бөлүмү (борбору) жөнүндө**

**ЖОБО**

1. **Жалпы жоболор**
2. **Бөлүмдүн (борбордун) милдеттери**
3. **Бөлүмдүн (борбордун) функциялары**
4. **Бөлүмдүн (борбордун) түзүлүшү**
5. **Бөлүмдүн (борбордун) укуктары**
6. **Жоопкерчилик**
7. **Борбордун мүлкү жана ишмердигинин финансылык-укуктук негиздери**

## 1. Жалпы жоболор

1. Тестирлөө бөлүмү (борбору) (мындан ары - Борбор) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын (мындан ары - МКК) өз алдынча түзүмдүк бөлүмчөсү болуп саналат.

2. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Мамлекеттик кызмат боюнча кеңештин токтомдорун, МКК жөнүндө Жобону жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Борбор өз ишин МК''нын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана аймактык өкүлчүлүктөрү, ошондой эле жетекчиликтин тапшырмасы боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз өз ара аракеттенүү менен жүзөгө ашырат.

## 2. Борбордун милдеттери

1. Борбордун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кадрларды ачык-айкын жана калыс тандоо системасынын, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоонун жана конкурстук негизде мындан ары кызматта көтөрүүнүн бирдейлүүлүгүн түзүү;
- Кыргыз Республикасынын заманбап жана коррупцияга берилбеген жарандарды мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кабыл алууда полиграфта тестирлөөнү борборлоштуруп колдонууну киргизүү жана камсыз кылуу;
- мамлекеттик органдарда коррупциялык көрүнүштөрдү туудурган себептерди жана шарттарды жоюу жана алдын алуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды, администрациялык мамлекеттик бош кызмат орундарын ээлөө үчүн

талапкерлерди тестирлөө процессин маалыматтык-техникалык, методикалык камсыздоо.

## 3. Борбордун функциялары

5. Жүктөлгөн милдеттерге ылайык, Борбор төмөнкү функцияларды аткарат:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн, административдик мамлекеттик жана муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөө үчүн тесттик суроолордун, ошондой эле мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан административдик мамлекеттик кызмат орундарына жана муниципалдык кызмат орундарына коюлуучу атайын талаптарга ылайык башка тесттик суроолордун базасын иштеп чыгуу, түзүү жана модернизациялоо;
- административдик мамлекеттик жана муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөө үчүн талапкерлерди, ошондой эле квалификациялык сынактан жана аттестациядан өтүүдө мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды компьютерлик тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү;
- мамлекеттик кызматка кабыл алууда мыйзамдар тарабынан белгиленген тартипте полиграфта тестирлөө өткөрүү;
- тестирлөөнүн жыйынтыктарын мыйзамдар тарабынан белгиленген тартипте иштеп чыгуу, түзүү жана көрсөтүү;
- Борбордун филиалдарынын ишмердигине уюштуруучулук-методикалык жетекчиликти ишке ашыруу;
- тестирлөөнүн маалыматтык системасын жана тесттик тапшырмалардын купуялуулугун коргоо режимин сактоону өз компетенциясынын чегинде камсыз кылуу;
- өз компетенциясынын чегинде уюштуруучулук, ченемдик-техникалык жана методикалык мүнөздөгү документтерди иштеп чыгуу жана МККнын жетекчилигинин кароосуна киргизүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын жана программалардын долбоорлорун даярдоого катышуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте Борбордун мамлекеттик органдар (министрликтердин жана ведомстволордун статс-катчылары жана кадрдык кызматтары), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле жарандык коомчулуктар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу;
- Борбордун максаттарына жана милдеттерине ылайык келген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы чыкпаган башка ишмердикти жүзөгө ашыруу.

## 4. Борбордун түзүлүшү

6. Борбордун түзүлүшү жана штаты белгиленген штаттык санынын чегинде аныкталат.

Борбордун кызматкерлерин дайындоо мыйзамдар тарабынан белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

7. Борбор МККнын Түштүк жана Түндүк аймактык өкүлчүлүктөрү базасында филиалдарды уюштурат.

8. Борбордун ишмердигин уюштуруу, анын иштеши үчүн жоопкерчилик Борбордун башчысына жүктөлөт.

9. Борбордун аймактык филиалдарынын ишмердиги үчүн жоопкерчилик МККнын аймактык өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилерине жүктөлөт.

## 5. Борбордун укуктары

10. Өз милдеттерин жана функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн Борбор төмөнкү укуктарга ээ:

- өз ишмердигин пландаштыруу, Борбордун өнүгүшүнүн перспективаларын аныктоо;
- айрым иштерди аткаруу үчүн айкалыштырып иштөө же келишимдин негизинде жогорку квалификациядагы адистерди тартуу маселелерди МККнын жетекчилиги менен бирдикте чечүү;
- Борбордун ишмердигине байланыштуу маселелерди чечүү үчүн МККнын жетекчилигинин макулдугу менен өз адистерин чет өлкөлөргө иш сапарга жөнөтүү жана чет өлкөлүк адистерин кабыл алуу, ошондой эле адистерди Кыргыз Республикасынын сыртына окууга жана стаж өтүүгө жиберүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- өз ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн МККнын түзүмдүк бөлүмчөлөрү менен өз ара аракеттенүү;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик кызыкчыларды коргоо максаты менен конференцияларга, симпозиумдарга, кеңешмелерге, комиссияларга МККнын атынан же анын өкүлдөрүнүн курамына катышуу;
- Мамлекеттик кызмат боюнча кеңештин отурумдарында кароо үчүн сунуштарды даярдоо.

## 6. Жоопкерчилик

11. Борбордун башчысы Борборго жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу, Борбордогу эмгек тартибинин жана аткаруу тартибинин абалы үчүн жеке жоопкерчиликти тартат.

12. Борбордун кызматчылары өз милдеттерин аткарбагандыгы же ылайыксыз аткаргандыгы үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

13. Полиграфолог Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 27-августундагы №146-Жарлыгы менен бекитилген Мамлекеттик

кызмат чөйрөсүндө полиграфта тестирлөө өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун ченемдерин бузгандыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

## 7. Борбордун мүлкү жана финансылык-укуктук негиздери

14. МКК Борборго бекитилген мүлктү оперативдүү башкаруу укугунун негизинде бекитет, Борборду күтүүгө сарпталган чыгымдардын сметасын бекитет, Борборгө өткөрүп берилген мүлктү пайдалануунун натыжалуулугуна жана сакталышына көзөмөл жүргүзөт.

15. Борборго оперативдүү башкаруу укугунун негизинде бекитилген мүлктү ажыратууга же башка ыкма менен башкарууга Борбордун укугу жок.

16. Жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан белек иретинде Борборго берилген акча каражаттары, мүлк жана башка объектилер, Борбордун ишмердигинин натыйжасы болуп эсептелген интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгектин продуктулары, гранттык каражаттар, ошондой эле ишмердиктен алынган кирешелер жана ушул кирешелерге сатып алынган мүлк МККга келип түшөт.